DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



*Айтмаматова Ү.А., Маматова А.А.*

# РИМ УКУГУНУН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ, ӨСҮП-ӨНҮГҮҮ ЭТАПТАРЫ ЖАНА ЗАМАНБАП УКУКТУК ИЛИМ КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫ

*Айтмаматова У.А., Маматова А.А.*

# ОБЩАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА РИМСКОГО ПРАВА, ЭТАПЫ РАЗВИТИЯ И СТАНОВЛЕНИЯ КАК СОВРЕМЕННОЙ ПРАВОВОЙ НАУКИ

*U.A. Aitmamatova, A.A. Mamatova*

# GENERAL CHARACTERISTICS OF ROMAN LAW, STAGES OF ITS DEVELOPMENT AND FORMATION AS A MODERN LEGAL SCIENCE

*УДК: 34.347*

*Макалада байыртадан адам баласынын коомунда укук түшүнүгү кандай жана кайсы жерде пайда болгону, анын пайда болушуна кандай себептер түрткү болгондугу, укуктук нормалар пайда болгонго чейин адамдар арасындагы мамилелер кандай ченемдер менен жөнгө салынып турганды боюнча сөз болот. Жана дүйнө жүзүндөгү укуктардын баштапкы булагы болуп саналган байыркы Рим укугунун пайда болушу жана анын юридика илиминдеги ээлеген орду, анын илим катары калыптануу жолундагы басып өткөн өсүп-өнүгүү тарыхы каралат. Ошондой эле, Рим укугунун жана башка юридикалык илимдердин булактары болгон укук булактарына сарасеп салынып, Рим укукгунун негизги өсүп-өнүгүү этаптары жана бул өнүгүү этаптарында Рим укугунун бирдиктүү бүтүндөй бир системага салынып, илим катары калыпканышына чоң салым кошкон юристтердин жана ошондой эле, Байыркы Римдин айрым падышаларынын Рим укугунун өсүп-өнүгүүсүндө жасаган ишмердүүлүктөрүнө анализ жасалып, Рим укугунун башка юридикалык илимдеринин пайда болуусунда жана илим караты калыптануусундагы аткарган ролуна тарыхый баа берилет.*

***Негизги сөздөр:*** *Рим укугу, мыйзам, тарых, римдик юристтер, XII таблицанын мыйзамы, Гайдын институциялары, укук булактары, сервитут.*

*Статья расскажет о том, как и где зародилось понятие права в человеческом обществе с незапамятных времен, каковы причины его возникновения, какими нормами регулировались межличностные отношения до появления правовых норм. История возникновения древнеримского права, являющегося основным источником права в мире, и его место в юридической науке, история его становления и развития. Также приводится обзор источников права, являющихся источниками римского права и других юридических наук, основные этапы развития римского права и анализ деятельности юристов, внесших большой вклад в становление римского права как науки в целом, а также отдельных царей Древнего Рима, дается историческая оценка роли римского права в становлении и формировании других юридических наук.*

***Ключевые слова:*** *Римское право, закон, история, римские юристы, закон XII таблиц, институции Гая, источники права, сервитут.*

*The article will tell you how and where the concept of law was born in human society from time immemorial, what are the reasons for its emergence, what norms regulated interpersonal relations before the advent of legal norms. The history of the origin of ancient Roman law, which is the main source of law in the world, and its place in legal science, the history of its formation and development. It also provides an overview of the sources of law that are the sources of Roman law and other legal sciences, the main stages of the development of Roman law and the analysis of the activities of lawyers who made a great contribution to the formation of Roman law as a science as a whole, as well as individual kings of Ancient Rome, gives a historical assessment of the role of Roman law in the formation and development of other legal sciences.*

***Key words:*** *Roman law, law, history, Roman jurists, law of the XII tables, Gaius institutes, sources of law, easement.*

Бүгүнкү күндө биз кадимки эле жашоо-турмуштагы, жада калса күнүмдүк жүрүм-турум кыймылдарыбызды укук ченемдерсиз элестетүүгө мүмкүн эмес. Байыркы убактарда биздин ата-бабаларыбыз жүрүм-турум эрежелерин, адамдардын бири-бири менен болгон мамилелерин кадимки эле каада-сатл, диний нормалар менен жөнгө салып келсе, убакыттын өтүшү менен, коомдун өнүгүшү, адамдардын аң-сезиминин өсүүсү адамдардын ортосундагы ар кандай багыттагы мамилелерди жөнгө салуу үчүн атайын системалуу укуктук нормаларды талап кыла баштаган. Мындай укуктук нормалар тарыхтан баарыбызга эле белгилүү болгондой дүйнө жүзүндө биринчилерден болуп азыркы Рим мамлекетинде пайда боло баштаган. “Эмне себептен укуктук нормалар биринчилерден Римде пайда болгон деген?” - деген суроо пайда болушу мүмкүн. Себеби Рим байырда баардык соодагерлер, мигранттар жана качкындар үчүн ачык мамлекет болуп эсептелген. Ошондой эле согуштук жүрүштөрдө Римдиктер көптөгөн мамлекеттерди басып алып, өздөрүнө каратып алышкан. Мындан улам Римде калктын саны кескин түрдө өсүп, ар улуттуу элдер көбөйгөн. Жана ошондой эле Римде соода-сатык өнүккөн. Мына ушул жагдайларды жөнгө салуу үчүн кандайдыр бир системалуу укук нормалары талап кылынып, адамдардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу үчүн атайын укуктук нормалар иштелип чыга баштаган. Ошентип, алгачкылардан болуп дүйнө жүзүндө Римде укуктук нормалардын бир нече түрлөрү пайда болгон.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Рим укугу – бул жеке укукту жана жалпы укукту өз ичине камтыган байыркы Римдин кул ээлөөчүлүк укугунун системасы. Рим укугу байыркы кул ээлөөчүлүк коомдо пайда болгон, бирок коомдун жеке менчик боюнча классикалык укугу катары феодалдык жана буржуазиялык коомдо колдонулган.

Рим коомунда “жеке укук” (ius privatum) түшүнүгү “жарандардын укугу” (ius civile) маанисине туура келген эмес, себеби баардык жарандар рим жарандары болуп эсептелген эмес. Ошондуктан эки башка түшүнүктөр болгон: “жеке укук” жана “жарандык укук”.

Мындан сырткары Римдиктер тарабынан Жер ортолук деңиз аймактарын жеңип алууларынын негизинде “элдердин укугу”(ius gentoum) түшүнүгү пайда болгон.

Рим укугунун ичинде жалпы укук (ius publicum) жана жеке укукту (ins privatum) бөлүп карoo зарыл. Жалпы укук – бул Рим мамлекетинин абалына тиешелүү болгон нормалардын жыйындысы “ad statum rei Romanae spectat”; жеке укук – бул жеке кызыкчылыктарга байланышкан нормалардын жыйындысы “ad singulorum utilitatem”.

Рим укугу кул ээлөөчүлүк укугунун өнүгүшүндө эң жогорку тепкичин туюндурат жана адамзаттын укук тарыхында өзгөчө орунду ээлейт. Ф.Энгельстин сөзү боюнча, ал укук «Жеке менчикти өзүнүн негизи кылып алган» укуктун эң эле жакшыртылган формасы болгон [1]. Ал укуктун тарыхтагы артыкча ролу – ал кул ээлеринин таптык кызыкчылыктарын ачык эле коргоп жана бекемдеп, ошону менен бирге ар кандай жеке менчиктик мамилелерди, баарынан мурда жөнөкөй товар ээлеринин мамилелерин жөнгө салууга ылайыкташкан бир топ иштелип чыккан жана жетишээрлик абстракттуу укук формасы болгондугу менен аныкталган. Ушуга байланыштуу К.Маркс минтип жазган: «Римдиктер биринчи болуп жеке менчиктин укугун иштеп чыгып, абстрактуу укукту, жеке укукту, абстрактуу инсандын укугун беришкен» [2].

Рим мамлекетинин миң жылдан ашык жашаган мезгилинде анын укугу өнүгүүнүн эң чоң жолун басып өтүп, коомдогу экономикалык жана саясий өзгөрүүлөрдү чагылдырган.

Рим укугу Рим мамлекетинин тарыхына байланышкан. Бул мамлекет өзүнүн өнүгүүсүндө бир канча этаптарды басып өткөн:

1) Падышачылык доор (VIII-VI к.к. б.з.ч.);
2) Республика доору (V-I к.к. б.з.ч.);
3) Империя доору (эки доорго бөлүнөт):
а) I к. б.з.ч. - III к. б.з. – принципат
б) III к.б.з. - V к. б.з. – доминат.

Ар бир этап Рим мамлекетинин түзүлүшүнө, анын ичинде Рим укугуна таасирин тийгизген. Падышачылык доордо Рим өнүгүүнүн жарым алгачкы общиналык, патриархалдык стадияда болгон. Рим укугу рим общинасынын жөнөкөй турмушун жөнгө салган салттардын жыйындысынан турган. Республика доорунда Рим жеке укугун колдонуунун формаларын жана чектерин көрсөткөн кат жүзүндөгү укук пайда болот. Жогорудагы процесс үчүн төмөндөгүдөй факторлор чоң роль ойногон:

1) Жеке менчик институтунун өнүгүүсү;
2) Жер ортолук деңиз аймагында көптөгөн аймактарды Рим мамлекети тарабынан жеңип алуулары.

Жарандардын укугу (ius civile) менен катар элдердин укугу (ius gentium) пайда болгон жана профессионал Рим юристеринин ишмердүүлүгү жогорулай баштайт. Элдердин укугу (ius gentium) перегриндерге, башкача айтканда Рим мамлекетинде жашаган “чет өлкөлүктөргө” гана колдонулбастан, перегриндер менен мамиле кылышкан Рим жарандарына да таратылган. Кийинчерээк Рим империясында Рим укугун кодификациялоо муктаждыгы пайда болот. Рим укугунун өнүгүүсү Византияда жарандык укуктардын жыйнагы “Дигестер” император Юстиниандын убагында каралат.

Рим империясынын кулашы менен Рим укугу жок болгон эмес. XI кылымда Батыш Европада “Дигестилердин” ачылышы менен Италияда, Испанияда, түштүк Францияда Рим укугу өнүккөн. XV-XVI кылымдарда Германияда Рим укугунун рецепциялоо (көчүрүп алуу, өздөштүрүп алуу) жүргөн. XIX кылымдын башында Францияда, 1900-жылдары Германияда Рим укугу сүрүп чыгарылган. Бирок бүгүнкү цивилизациялуу дүйнөдө Рим укугунун таасири кеңири таралган.

Рим укугун төмөнкүдөй мезгилдерге бөлүштүрүү кабыл алынган:

**1. Эң байыркы мезгил** (б.э.ч. VI кылымдан - б.э.ч. III кылымдын ортосу). Бул мезгилдеги рим укугу улуттук-полистик жабыктыгы, эскилиги, өнүкпөгөндүгү жана негизги институттардын өтө эле жөнөкөйлүгү менен мүнөздөлгөн.

**2. Классикалык мезгил** (б.э.ч. III кылымдын ортосу - б.э. III кылымдын аягы).Так ушул мезгилдин аяк ченинде рим укугу ар тараптан иштелип чыгып, эң жакшы сапатка жетишет. Ф.Энгельстин мүнөздөмөсү боюнча «жеке менчик үстөмдүк кылган коомдун жашоо шарттарынын жана кагылыштарынын классикалык юридикалык чагылышы болуп калган».

**3. Классикалыктан кийинки мезгил.** (б.э. IV - VI кк.). Бул мезгилде кул ээлөөчүлүк коомдун жана

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



мамлекеттүүлүктүн ыдырашына байланыштуу римдин укугу экономикалык жана саясий кризистин тактарын өзү менен кошо алып жүргөн. Бул мезгилдеги рим укугунда болгон өзгөрүүлөр эң башкысы анын системаланышы менен жана анын акырындап феодалдык мамилелерге ыкташа башташы менен түшүндүрүлөт, а бул болсо Чыгыш империясында (Византияда гана) жүргүзүлгөн [3].

**Рим укугунун булактары.** Рим укугунун булактары – бул белгилүү формада көрсөтүлгөн жана жалпыга милдеттүү күчкө ээ болгон нормаларды айтабыз.

**Рим тарыхында төмөнкүдөй укук булактарынын түрлөрү болгон**:

а) адат укугу;

б) мыйзамдар;

в) магистраттын эдиктилери;

г) рим юристеринин ишмердүүлүктөрү;

д) рим укугунун кодекстери.

**Адат укугу** – бул Рим укугунун эң байыркы формасы. Адат укугу – алгачкы общиналык коомдо калыптанган жазуу түрүндөгү эмес укук. Адаттар (mores) эки ролду аткарган: биринчиден, адаттар башка укуктун булактарынын ордуна пайдаланылган; экинчиден, юридикалык практикадан таза жазуу түрүндөгү мамлекеттик актыларды пайдаланууда жардам көрсөткөн. Конкреттүү формада көрсөтүлбөгөн укуктук талаптар болбогон учурда адаттар укуктун булагы катары таанылган. Бирок баардык эле адат нормалары укук булагы катары эсептелген эмес. Укуктун булагы катары төмөндөгүдөй талаптарга жооп бериш керек:

1. Мыйзамга карама каршы келбеши керек;

2. Узак убакытта укуктук практикада колдонулушу керек;

3. Сотто талаш-тартыштарды чечүүдө көрсөтүлгөн фактылар далилдениши керек.

Закондор ыйгарым укуктуу органдар тарабынан чыгарылган жана Рим элинин эркин чагылдырган, тийиштүү түрдө элге жайылтылган. Эгерде элге кеңири таратылбаса жогорку юридикалык күчкө ээ болгон эмес. Цивилизациянын өнүгүүсү менен мыйзам формасындагы жазуу түрүндөгү укук булактары пайда болот, мисалы, “XII таблица мыйзамдары” (Vк. б.з.ч.). Мыйзамдардеп элдик чогулуштун токтомдору эсептелген (“Петелийдин мыйзамдору” жана башкалар). Мыйзамдарго императорлордун токтомдору кирет. Бул токтомдор “Конституция” деп аталышкан жана төрт түргө бөлүнгөн:

а) эдиктилер – калкка карата болгон жалпы тескемелер;

б) рескрипттер – атайын иштер боюнча тескемелер;

в) мандаттар – императордун чиновниктерге чыгарган инструкциялары;

г) декреттер – императордун талаш-тартыш иштер боюнча чечимдери.

**Магистраттардын эдиктилери** укук булагы болуп эсептелген. Рим мамлекетинин саясый түзүлүшүндө мамлекеттик кызмат адамдары таза административдик функцияларды аткарган эмес. Көпчүлүгү соттук жана өкмөттүк функцияларды аткарышкан. Магистраттардын эдиктилери Рим укугунун өзгөчө түрү болуп эсептелген. Кызмат адамдары – магистраттар төмөнкүдөй ыйгарым укуктарга ээ болушкан: jurisdictio – белгилүү чөйрөдө сот акыйкаттуулугун жүргүзүү укугу, imperium – административдик мажбурлоо жана соттук чараларды жүргүзүү үчүн жогорку магистрат органы тарабынан берилген укук. Jurisdictio функциясына курулдук эдилдер гана ээ болушкан жана аларга коомдук тартипти сактоо милдеттери жүктөлгөн. Преторлордун, “курулдук” эдилдердин (укук коргоо органдары) жана башка кызмат адамдарынын эдиктилери (программалык жарыялоолор) кызмат адамдарынын ишмердүүлүгүнүн эрежелерин өз ишине камтыган.

Рим укугунун булагы болуп Рим юристеринин ар кандай ишмердүүлүктөрү да эсептелген. Юристер ар түрдүү жеке укуктук актылардын формулаларын түзүшкөн жана коюулган доо, козголгон иштин тартиби боюнча кеңештерди беришкен. Өздөрүнүн абийирине жана Рим укугун терең түшүнүүнүн негизинде профессионал юристер (Лабеон, Папиниан, Прокул, Сабин ж.б.) Рим укугунун кийинки өнүгүсүнө чоң салым кошушкан.

Негизги Рим укугунун булактары болуп кодекстер эсептелген, өзгөчө Византия император Юстиниандын кодекси “Corpus inris civilis” (VI к.б.з. 30 жылдары) чоң мааниге ээ болгон. Бизге 12 китептен турган кодекстердин экинчи басылмасы жеткен, мындан сырткары Юстиниандын убагында кабыл алынган токтомдор - “Новеллы” жеткен. Юстиниандын кодификациясы доордун талабы боюнча эскирген Рим укугунун жоболорун алып салган укуктук материалдардын систематизациясы болуп эсептелген.

Эң байыркы рим укугунун бөлүнбөй үстөмдүк кылганы б.э.ч. III кылымдын ортосуна чейин квирит укугу болгон. Ал эски үрп - адат, квириттик салттарды сактап турушу менен айрымаланган. Анын нормалары XII таблицанын закондорунда да берилген. Квириттик же жарандык укук өзүнүн бардык этаптарында рим жарандыгы бар адамдарга гана карата колдонулуп, алардын артыкчылыгы катары эсептелген. Ал укук жарандарга саясий турмушка активдүү катышууга, мамлекеттик жер фондусунан жер алууга ж.б.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



артыкчылыктарды берген. Б.э.ч. III кылымда квирит укугу коомдун өнүгүшүнө, товар өндүрүшүнүн таламдарына карама-каршы келе баштаган.

Жарандык укукта чарбалык жүгүртүүдө болуп, менчик укугунун объектиси боло алган буюмдар манициптеширүүгө болгон жана манициптеширүүгө болбогон деп экиге бөлүнгөн. Биринчисине Италиядагы жерлер, кулдар, ири мүйүздүү мал, жерге байланыштуу сервитуттар, экинчисине - бардык калган буюмдар кирген. Биринчи топтогу буюмдары бирөөлөргө берүү маниципиялык жол менен башкача айтканда өзгөчө татаал жана салтанаттуу аракеттер аркылуу, беш күбөнүн жана тараза кармагычтын көзүнчө жездин жана таразанын жардамы менен жүзөгө ашырылган. Байыркы Римде эгер буюм башка бирөөнүн пайдалануусунда узагыраак мөөнөттө болсо, аны менчиктештирип алууга жол берилген. Уурдап алынган буюмдарга бул эреже колдонулган эмес. Кыймылдуу буюмдар үчүн ээлеп алуу мөөнөтү бир жыл өткөн соң, кыймылсыз мүлк үчүн- эки жыл өткөн соң уруксат берилген.

Байыркы мезгилден тарта пайда болгон жана буюм укугунун өзгөчө бир түрү - сервитуттар болгон. Ал адаттарда же мыйзамдарда катталган жана бөлөк буюмдарды пайдаланууга чектелген гана укук берген. Сервитуттар жерге жеке менчик укугу менен бирге өсүп чыккан жана менчик ээлери менен кошуна участкалардагы ээлеринин ортосундагы жер мамилелерин так жөнгө салуунун зарылдыгынан пайда болгон. Эң байыркы мезгилдерде акча - товар мамилелеринин өнүкбөгөндүгүнөн улам келишимдер да аз, жөнөкөй, формалдуу жана бир беткей түзүлгөн. Кредиторго талап кылуу, карызкорго аткаруу милдети тагылган. Келишим беш күбөнүн жана таразачынан көзүнчө түзүлүп, анын маани-мазмуну, милдеттенмелери жар салынган. Кредитор өз убагында төлөй албаган карызтокорду 60 күн кармап турууга, туугандары сатып ала алышпаса, чет мамлекеттерге сатып же өлтүрүп коюга укуктуу болгон. Бул жөнүндө XII таблицанын закондорунда эскертилген жана б.э.ч. 326-ж. Петелдин закону менен жоюлган.

Эң байыркы замандарда эле деликтерден (укук бузуулардан) келип чыккан милдеттенмелер белгилүү болгон. Деликтер мамлекеттик жана жекече болуп эки түргө бөлүнгөн. Жекече деликтерге жеке адамды физикалык жабыркатуудан, башкача айтканда денесине оор зыян келтирүүдөн (ал үчүн штраф салынган), уурдагандан (ал үчүн сабашкан), жыгачтарды кескенден, курулушту же үйгөн чөптү, эгинди өрттөп жибергенден (зыяндын ордун толуктоо) сыяктуу жеке адамга каршы багытталган аракеттерден келип чыккан милдеттенмелер кирген. Мамлекеттик деликтерге республикага каршы кылмыштар, өлтүрүү, башка адамдарды шылдыңдаган же маскаралаган мазмундагы ыр чыгарып - созуп ырдоо, жалган күбөлүк, атайылап өрттөгөндүк, бөлөк бирөөнүн түшүмүн жашыруун жок кылуу ж.б. кирген.

Кылмыштардын мүнөзүнө жана оордугуна жараша ар түрдүү жазалар каралган: өлүм жазасы, Римден айдап чыгаруу, мүчөлөрүнөн ажыратуу, камчы менен сабоо, жарандык укуктарын чектөө ж.б. Аталгандар кылмыштан башка түрлөрү XII таблицанын Закондорунда жазылган.

Байыркы рим укугундагы үй-бүлө мамилелери тарыхый түрдө калыптанган патриархалдык үй-бүлөнү бекемдеген. Никенин типичный формасы болуп күйөөнүн бийлиги зор нике эсептелген: ал аялын саткан, күңгө айланткан, өлтүргөн, бирок бир тууган-дарынын макулдугу талап кылынган. Никеге кирүү үчүн эки үй-бүлөнүн башчыларынын жана никелешүүчүлөрдүн макулдугу талап кылынган. Никеге кирүү курагы кыздар үчүн 12 жаш болгон, эркектерди карап баамдашкан. Кулдар, перегриндер, латиндер никелешүүгө укуксуз болушкан. Байыркы Рим укугунда асыроо, камкорчу, көзөмөлчү институттары да белгилүү болгон. Баланы асыроо жана мүлктү осуяттоо элдик чогулуштун чечими боюнча ишке ашырылган.

Ал эми байыркы Римдин сот иштерине токтолсок, сот өндүрүшүнүн эки стадиясы каралган. Биринчи стадиясында иш кредитор менен карызкордун келиши менен магистраттар каралган. Сотто тараптар салтанаттуу түрдө бири-бирине дооматтарды коюшкан жана карызкор мойнуна алса, биринчи стадия тынч аяктаган. Катуу формалдык аракеттердиң, кол шилтөөлөр менен сөздөрдүн жыйындысы «легис акцио» деп аталган, бул процесстин наамы да ошондон алынган. Легисакциялык процесстин беш негизги формулалары иштелип чыккан. Алардын эң маанилүүсү тараптардын күрөөгө койгон акчасы, ошону уттурган адамдын акчасы мамлекеттин пайдасына калтырылган. Эгерде тараптар бири-бирине коюлган дооматтарды моюнуна алышпаса, иш экинчи стадияга өтүп, аны судья же сот коллегиясы караган. Аларды претор дайындаган. Экинчи стадияда тараптардын өкүлдөрү, адвокатгары катышкан. Соттун чечими акыркы делинип, даттанууга жатпаган. Ошентип, рим укугунун андан-ары өсүп-өнүгүшүндө римдик юрист-адвокаттардын салымы зор экенин айтып кетпесек болбойт. Себеби классикалык мезгилде рим укугун өнүктүрүүнүн эң маанилүү өзүнчө бир булагы болуп

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Байыркы Римдин укуктук системасынын ирээттүлүгүн жана бүтүндүгүн арттырууга көмөктөшкөн юристедин ишмердиги эсептелет [6].

Б.э.ч. 254-ж. плебейлердин башчысы Тиберий Корунканийдин укуктук консультациялары биринчи жолу жалпы элге жар салынат. Республикалык мезгилдеги юристер сот практикасында маанилүү роль ойношкон. Алар аристократтык чөйрөдөн – сенаттардын жана атчандардын үй-бүлөөсүнөн чыгышкан. Алардын ичинен көбүрөөк белгилүүлөрү Улуу Катон, Публий Муций Сцевола, Квинт Муций Сцевола, Сервий Сульпиций, алардын айрымдарын рим юридика илимин негиздөөчүлөрү деп аташат. Алар эн алгачкы ирет сот практикасын жалпылоого аракет жазап, жарандык укукту системага салып баяндоого (Сцевола) претор укугуна биринчи жолу түшүндүрмө берүүгө (Сульпиций) аракет жасашкан. Принципаттын доорунда юристтердин катары чыгыштык провинциялардан чыккандар (Ульпиан, Модестин ж.б.) менен толукталат. Алар юридикалык илим менен практиканы өнүктүрүп, классикалык рим укугунун чыныгы түзүүчүлөрү болушкан. Юристердин окутуучулук ишмердиги да маанилүү роль ойногон.

Ошентип, Римдин юристери окуу практикалык максаттарга арналган көптөгөн эмгектерди жаратышкан. Алардын ичинен окуу максатында рим укугун системалык түрдө баяндаган институциялар чоң мааниге ээ. Эң көбүрөөк белгилүүсү болуп Гайдын институциялары (II кылымдын ортосу) эсептелет, анда укуктун кеңири материалдары кыска жана логикалык ырааттуулукта баяндалган. Гайдын институттары адамдар жөнүндөгү төрт китептен турат. Жарандык жана преторлук укуктарга түшүндүрмө берүү да кеңири жайылган. Юридикалык кеңештерди берүү соттор үчүн милдеттүү болгон, башкача айтканда соттор юристтердин пикирин жетекчиликке алышкан.

**Адабияттар:**


1. Маркс К., Энгельс Ф., Соч.т.21, С.147.
2. Маркс К., Энгельс Ф., Соч.т.21, С.347.
3. Бартошек М. Римское право:понятия, термины, определения. - М., 90.
4. Новицкий И.Б. Римское частное право. М. 1995.
5. Керимбаев М.К. Чет өлкөлөрдүн мамлекети менен укугунун тарыхы. - Б., 2006. - С.56.
6. интернет ресурс: https://ky.wikipedia.org.
7. Айтмаматова У.А., Амирова К.А. Перспектива развития законодательства об исполнительном производстве. // Известия ВУЗов Кыргызстана. 2015. №. 5. С. 214-215.
8. Айтмаматова У.А. О некоторых аспектах приобретения иностранными лицами прав на объекты рекреации на Иссык-Куле. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 5. С. 165-168.